DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Тиленчиев К.А.*

# КОМПОЗИТОР НАСЫР ДАВЛЕСОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ХОРДУК ЖАНРЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Тиленчиев К.А.*

# ОСОБЕННОСТИ ХОРОВЫХ ЖАНРОВ В ТВОРЧЕСТВЕ КОМПОЗИТОРА НАСЫРА ДАВЛЕСОВА

*K.A. Tilenchiev*

# PECULIARITIES OF CHOIRS GENRES IN THE WORKS OF COMPOSER NASYR DAVLESOV

*УДК: 372.8/91*

*Бул макалада көрүнүктүү композитор Н. Давлесовдун чыгармачылыгындагы хордук жанрларынын өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз кылууга аракет жасалды. Н. Давлесов кыргыз хор адабиятына өтө баалуу мурастарын: чакан формадагы чыгармалардан баштап, өтө ири монументалдуу келген кантаталарын калтырган. Анын хордук чыгармачылыгы хор адабиятында төмөндөгүдөй жанрларды: кантаталары, вокалдык-симфониялык сүрөттөмөлөрү, опералык-хордук жана ошондой эле, хор жанрындагы аспаптын коштоосусуз (а капелла) камтыйт. Аспаптын коштоосусуз хор жанры композитордун чыгармачылыгында орчундуу орунду ээлейт. Бул жанр боюнча анын композитордук техникасы, полифониялык жазманын чебери катары калыптанышы болуп өткөн. Аспаптын коштоосусуз хор жанрынын калыптанып өнүгүүсүндө, Н.Давлесов кыргыз композиторлорунун арасында алдыңкы орунду ээлейт. Н.Давлесовдун хордук чыгармаларынын образдуу-эмоционалдуулугун жана терең мазмундуулугун белгилөө менен, тематизминин ачык-айкындыгын, улуттук салттуулугун, заманбап добуштуулугу менен айкалышын, ошондой эле поэтикалык текстинин өтө кылдаттык менен тандалып алынгандыгын, жана анын музыка менен төп келишкен айкалышуусун айтууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *хор адабияты, хордук музыка, форма, кантата, опера, а капелла, миниатюра, хордук жанр, кантата-апофеоз, образдуулук, эмоционалдуулук.*

*В данной статье рассматривается хоровые жанры в творчестве кыргызского виднейшего композитора Н.Давлесова. Композитор оставил ценное наследие в хоровой литературе: от произведений малых форм до крупных монументальных кантат. Его хоровое творчество охватывает следующие жанры хоровой литературы: кантатно-ораториальный, оперно-хоровой и жанр хоров без сопровождения (а копелла). Жанр хоров без сопровождения занимает особое место в творчестве композитора. Именно в этом жанре шло постепенное совершенствование композиторской техники, формирование и становление его как мастера полифонии, которую он считал одним из основных средств воплощения поэтических образов в хоровом звучании. В истории развития, становления, и совершенствования жанра хоров без сопровождения Н. Давлесов занимает ведущее положение среди кыргызчких композиторов XX веков. Хоровые произведения композитора отмечены образно-эмоциональной и содержательной глубиной, отличается ярким тематизмом, национальной самобытностью, сочетающейся с современностью звучания, строгим отбором поэтического и талантливым воплощением его содержания в музыкальных образах.*

***Ключевые слова:*** *хоровая литература, хоровая музыка, хоровое исполнительство, форма, кантата, опера, а капелла, миатюра, жанр, кантата-апофеоз, образность, эмоциональность.*

*This article discusses choral genres in the works of the Kyrgyz most prominent composer N. Davlesov. The composer left a valuable heritage in choral literature: from works of small forms to large monumental cantatas. His choral work covers the following genres of choral literature: cantata-oratorio, opera and choir, and the genre of unaccompanied choirs. The unaccompanied choir genre occupies a special place in the composer's work. It was in this genre that the composing technique was gradually improved, and its formation and development as a master of polyphony, which he considered to be one of the main means of translating poetic images into choral sound. In the history of the development, formation, and improvement of the unaccompanied choir genre, N. Davlesov occupies a leading position among Kyrgyz composers of the 20th century. The composer's songs, choirs and vocal-symphonic works are marked by figuratively emotional and substantial depth, distinguished by vivid thematism, national originality, combined with modernity of sound, rigorous selection of poetic and talented embodiment of its content in musical images.*

***Key words:*** *choral literature, choral music, choral performance, form, cantata, opera, and a cappella, miiatyura, genre, cantata-apotheosis, imagery, emotionality.*

Хордук чыгармалар музыкалык жанрлардын ичинде орчунду орунду ээлейт. Хордук жанрлар өзүнүн тарыхый этаптуу мезгилдеринин ар кайсы доорунда ар кандай мүнөздөргө ээ болуп келди. XX кылымда хор музыкасынын өнүгүүсүндө бир кыйла өзгөрүүлөр болуп өттү. Хор жеке эле опералык чыгармаларда гана эмес, симфониялык жана балет жанрларында да колдонула баштады.

Кыргыз композиторлорунун көрүнүктүүлөрүнүн биринен болгон Н. Давлесовдун чыгармачылыгында

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дээрлик бардык жанрлар: ырлар жана романстар, хорлор жана кантаталар, оперетта жана опера ж.б. камтылган. Композитордун көп кырдуу келген чыгармачылыгынын, кыргыз элдик фольклордук музыкасы менен профессионалдык музыкасынын тыгыз байланыштыгын көрө алабыз. Ал өзүнүн чыгармачылык жолунда башка жанрлар: симфониялык, опералык, аспаптык ж.б. менен катар, хордук жанрларына да өзгөчө көңүл бурууу менен, жигердүү иштеген. Анын хордук чыгармачылыгынын тематизминен фольклордук боёктордун ачык-айкын берилгендигин көрө алабыз. Аларда кадимки салттык ырлардын интонациялык түзүлүшү камтылгандыгын айтууга болот.

Композитордун вокалдык чыгармачылыгы, кыргыз элдик лирикасынын жаңы багыттагы өнүгүүсүнүн күч алып турган мезгилине туш келет. Кыргыз поэзиясынын негиздүүлүгүнө таянуу менен, ал өзүнүн музыкалык чыгармачыл күчүн, таланттуу кыргыз композитору катары, чыгармачылык эркин мейкиндигиндеги кыргыз лирикасынын классиги катары жогорку деңгээлде көрсөтө алган. Анын ырларынын жана романстарынын, хорлорунун жана кантаталарынын лирикасы, кыргыз ырларынын обондуулугунун салттуулугуна мүнөздүүлүгүн ачык баамдайбыз. Аларда, элдик музыкалык тилдин обондуулугуна, динамикалуулугуна, ыргактуулугуна сугарылгандыгын туябыз.

Н. Давлесовдун вокалдык лирикасынын өнүгүүсү кыргыз поэзиясынын эволюциялык өнүгүү шарттарына туш келген. Бул кезде (1950-1970-жылдары) жалпы кыргыз композитордук чыгармачылыгында, ыр, романс, хор жанрларынын өсүп-өнүгүп турган мезгили эле. Чынында эле, композиторлордун вокалдык чыгармачылыгы, ал мезгилдерде өзүнүн профессионалдык деңгээли боюнча, түрдүү мүнөздүүлүгү, ачык образдуулугу, кыргыз поэзиясы менен тыгыз байланышта болду. Өзгөчө эл акындары А.Осмоновдун, А. Токомбаевдин, А. Токтомушевдин, Б. Сарногоевдин, Т. Кожомбердиевдин ж. б. Поэзиялары композитордун вокалдык чыгармаларынын образдуу түзүлүшүнө, алардын тематикасына түздөн-түз таасирин берген. Поэзиянын берген таасири аркылуу, обон менен сөздүн көркөмдүк формалары вокалдык лириканын куюлушуп-айкалышуусуна зор көмөгүн көрсөткөндүгүн ачык байкайбыз. Кыргыз поэзиясындагы ыр саптарынын ыргактарынын, метрикаларынын, жамактуулугунун таасири астында, ошондой эле, композитордун вокалдык анын ичинде хордук чыгармаларынын обондуулугу, музыкалык структуралары жеткиликтүү түрдө ачык, так, жанга жагымдуу курулгандыгын көрөбүз.

Эл акындарынын ыр саптарынын, композитордун обондорунун созулмалуулугуна, жанга жагымдуу кайрыктуулугуна, ошону менен бирге, поэтикалык интонациясынын музыкалык тилинин ачык маанайлуулугуна, обондуулук табитинин баалуулугуна, ыргактык-интонациялык формаларын түзүүгө болгон көмөгү күч болгон. Музыкалык-поэтикалык курулуштун мындай ачык-айкын берилиши, ал кезде жеке эле Н. Давлесовдун гана эмес, анын замандаштары К.Молдобасановдун, Т.Эрматовдун, С.Осмоновдун, А. Жаныбековдун ж. б. вокалдык чыгармачылыгына да мүнөздүү болгон.

Поэтикалык фондун образддуулугу, Н.Давлесовдун хордук чыгармаларынын лирикасынын жанрдык жагдайында, анын баалуулугуна жана байлыгына таасирдүү болгон. Кыргыз акындарынын поэзиясынын доорунда, композитордун хор жанрынын түрдүү мүнөздүүлүгү: лирикалык, патриоттук, тамашалуулук, эмгектик ж.б. жалпысынан элдик салттуулук менен заманбап композитордук стилдин айкалышуусунан жаралган.

Н. Давлесов кыргыз хор адабиятына өтө баалуу мурастарын: чакан формадагы хордук чыгармалардан баштап, өтө ири монументалдуу келген кантаталарын калтырган. Анын хордук чыгармачылыгы хор адабиятында төмөндөгүдөй жанрларды: кантаталары, вокалдык-симфониялык сүрөттөмөлөрү, опералык-хордук жана ошондой эле, хор жанрындагы аспаптын коштоосусуз (а капелла) камтыйт.

Н. Давлесовдун чыгармаларынан элдик музыка менен профессионалдык музыкасынын бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин көрүүгө болот. Композитордун чыгармачылыгынын алгачкы мезгилинде жаралган обондуу ырларынан эле, оригиналдуулугу, гармониялык тилинин уккулуктуулугу, элдик салттуулуктагы ыргактуулугу менен өзгө-чөлөнгөндүгүн жана жалпы эл ичине кеңири тарап, популярдуулугу арткандыгын билебиз.

Композитор өзүнүн чыгармачылыгында өзгөчө кантаталарга көбүрөөк кайрылган. Анын вокалдык чыгармаларынан лирикалык менен катар, патриоттук теманы кеңири кезиктиребиз. Бул теманы негизинен анын хор жанрынан да көп кездештиребиз: “Менин Кыргызстаным” (Т. Тыныбековдун сөзүнө), “Кыргыз жери” (Ж. Садыковдун сөзүнө), “Кыргыз студенттеринин маршы” (М. Тойбаевдин сөзүнө) ж. б. Негизинен композитордун хорлорунун жана кантаталарынын мазмуну патриоттуулукка (элдин жашоо-тиричилиги, жаратылыш-табият, Эл-Жер, Ата-Мекен), көпчүлүк учурда драмалык ой толгоолорду билдирүүгө багытталган.

Н. Давлесов өзүнүн хорлорунда жана кантаталарында патриоттуулукту жана жарандуулукту жогорку бийиктикте көрсөтө алган. Бул жагдайда, композитордун Улуу Ата-Мекендик согуш темаларына,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



андагы жалпы элдин кужурмөндүүлүгүн, баатырлардын эрдиктерин ырдаган. Мисалга алсак, мындай мүнөздүүлүктү панфиловчу баатырлар жөнүндөгү “Жыйырма сегиз баатыр” жана “Чолпонбай жөнүндө баллада” аттуу кантаталарынан ачык-айкын көрө алабыз. Бул чыгармалар өз кезегинде А. Александров атындагы күмүш медалына татыктуу болгон. Мындай мүнөздү ошондой эле, “Түбөлүк даңк” аттуу кантата-апофеоз чыгармасынан да ачык байкайбыз.

Композитордун туугaн эл-жерге болгон сүйүүнү, анын эркиндигин, өсүп-өнүгүшүн даңктаган “Биздин жер жөнүндө ыр”, “Гүлдөгөн Кыргызстан” чыгармаларынан көрөбүз. Ошондой эле, коңшу, боордош элдердин ынтымагына, достугуна, шериктештигине арналган чыгармалары “Жашасын түбөлүк достук!” кантатасы болуп эсептелет.

Музыка таануучу А.И. Пантелирейз композитордун хордук жана вокалдык чыгармачылыгы боюнча өзүнүн оюн мындайча жазган: “Композитордун ырлары, хорлору жана вокалдык-сифониялык чыгармалары образдык-эмоционалдуулугу жана терең мазмундуулугу менен белгиленген, тематизминин ачык-айкындыгы, улуттук мүнөздүүлүгү, бүгүнкү музыка менен айкалышы, поэтикалык текстин өтө тактыкта тандалышы жана музыкалык образдардын мазмунун таланттуулукта иш жүзүнө ашырышы менен айырмаланат” [1, 73].

Композитордун вокалдык-симфониялык чыгармаларынын угуучуларга кеңири таргандыгы жана алардын сүймөнчүлүгүнө ээ болушу, ошол учурдун, мезгилдин жашоо-тиричилигин жана образдуулугун көркөмдүү ачып бере алышы менен мүнөздүү. Н.Давлесовдун чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгүнөн шаңдуу интонациялар менен жабдылгандыгын көрө алабыз. Мындай мүнөз менен катар, лирикалык сезимди ачып берүү үчүн, музыкалык тилдин жана обондуулуктун бай каражаттарын чебер колдонгондугун жазбай байкайбыз.

Хор жанрындагы эң орчундуу жанрларынын бири – бул кантата.

Бул жагдайда, өзгөчө композитордун табиятты сүрөттөй билүү чеберчилигин, “Жаштык” кантатасынан көрүүгө болот. Чыгарманын обону шаңдуу келип, жаштардын көңүлдүү маанайын ачып берген марш мүнөздүү келет. Чыгарманын музыкасы аткаруучуга кандай сезимдерди алып келсе, угуучулар да ошондой эле сезим-туюмда болушат.

Кантата үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө, жаштардын оюн-зоок куруп, көңүлдүү эс алуусу даана чагылдырылган. Чыгарманын экинчи бөлүмүндө (“Чалгынчылар”), жаштарды кужурмөн эмгеги, мээнеткечтиги, алардын жараткан ийгиликтери жана жетишкендиктери өзгөчө хордук жана аны коштогон оркестрдик музыканын (жез үйлөмө аспаптар тобунун) көңүлдү көтөргөн интонацияларынан ачык көрө алабыз. Кантатанын “Эмгектен кийин” деп аталган үчүнчү бөлүмүндө, жаштардын эмгектен кийинки эс алуулары, көңүл ачуулары сүрөттөлүү менен, жалпы чыгарманын жүрүшүн жыйынтыктоо мүнөзүндө болот.

Композитордун “Жаштык” кантатасы боюнча композиторлор К. Асанбаев менен А. Жээнбаев мындайча жазышкан: “...Жаштык аттуу контатасында элибиздин оюн, турмушун чагылдырып, баатыр эмгеги шаңдуу ырдалат. Вокалдык партия, хордук полифония жана оркестровкаларында улуттук колориттин сакталып турушу, анын бүтүндөй эле чыгармачылыгына мүнөздүү көрүнүш. Көп чыгармаларынын элге сиңип кетишинин себеби да ушунда” [2, 127].

Н. Давлесовдун хорлорунун жана кантаталарынын образдуу-эмоционалдуулугун жана терең мазмундуулугун белгилөө менен, тематизминин ачык-айкындыгын, улуттук салттуулугун, заманбап добуштуулугун менен айкалышын, ошондой эле поэтикалык текстинин өтө кылдаттык менен тандалып алынгандыгын жана анын музыка менен төп келишкен айкалышуусун айтууга болот. Мындай ойдун негизин, Н. Давлесовдун хордук чыгармачылыгы тууралуу музыка таануучу Б. Бейшенбиев да мындайча жазган: “Н. Давлесовдун хор үчүн жазылган чыгармалары да көркөм деңгээли жогору болуп, көпчүлүккө жетимдүү касиетке ээ. Анын түрдүү коллективдерге ылайыкташтыруу сырларын ача берүүдөгү чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн кайталап айтыштын кажети жок. Бул да, композитордун жекече чыгармачылык изденүүсүнө таандык көрүнүш” [3, 121].

Н. Давлесов хордук чыгармачылыгында *а капелла* (аспаптын коштоосусуз) жанрына да кайрылган. Хордук *a capella* (аспаптын коштоосусуз чыгармалар) – бул негизинен гомофонно-гармониялык түзүлүштөгү анча көлөмдүү эмес, жөнөкөй формадагы чыгармалар. Композтитордун чыгармачылыгындагы бул жанрдагы чыгармалары да көңүлдү бураарлык. Алсак, акын Б. Сарногоевдин сөзүнө жазылган аялдар хору үчүн а капелласы көңүл бураалык. Композитор хордук миниатюрасында аткаруучулардын чеберчилигинин, көркөм каражаттарынын байлыгын эске алуу менен, обондук, ладогармониялык, ритмикалык, тембрдик жагдайларын дааналап ачып берүүгө аракет кылган. Н. Давлесовдун хордук а капелла жанрына кайрылуусу, анын мындай хордук миниатюраны, ошондой эле көлөмдүү хорлорду, кантаталарды жазма ыкмалары кийинки муундагы композиторлордун чыгармачылыгына таасирин тийгизбей койгон жок. Комопозитордун бул жанрынан биз композитордук чеберчиликтин акырындык менен, анын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



полифониялык чеберчиликтин калыптануусу жана өнүгүүсү жүргүзүлгөндүгүн баамдайбыз. Анткени, композитор муну хордук жанрдын эң негизги жана сөзү менен айкалышкан обондун угулушунда колдонулган көркөм каражаттардын бири катары эсептеген.

Композитордун "Пионерия" аттуу хордук циклинен балдардын оюнкараак мүнөзүн, бактылуу жашоосун, кубанычын, кайгы-капасын, ой толгоолорун өтө жогорку композитордук чеберчилик менен, өтө бай музыкалык тилинин жана көркөм каражаттарынын колдонулгандыгын көрөбүз. Хордук циклде ар бир чыгарманын жеке мүнөздүүлүгү ачылып, бир бүтүндүүлүктөгү камтылган ойдун негиздүү берилгендигин туябыз. Музыкалык көркөм каражаттар аркылуу, чыгармада окуучулардын жакшы мүнөздөгү сапаттарын: адептүүлүк, ыймандуулук ж. б. ачып берүү менен бирге, алардагы терс мүнөздөрдү: өзгөчө тартипсиздик, адепсиздик мүнөздөрдү таамай ачып берген оркестрдик диссонанстардан уга алабыз.

Опералык-хордук жанр Н. Давлесовдун чыгармачылыгында, кыргыз операсы үчүн принципиалдуу түрдө жаңы этаптардан болду. Композитордун "Курманбек" операсында хордук сценалар жана драмалык рольдор менен катар, речитативдүү-ансамблдердин жүрүшүн көрөбүз. Бул жагдайда, өзгөчө V сүрөт көңүлдү бараалык. Мында, өтө татаал түзүлүштөгү операнын кульминациясы өтөт. Лирикалык мүнөздөгү Канышайдын сценасы, анын кооптонуусу менен, өнүгүүсү Тейитбектин ариясы менен контрастуу коюлушу, ар түрдүү мүнөздөздөрдөгү ансамблдерде: квартетте жана хордо, триодо, квинтетте жана хордо көрүнөт. Сценанын динамикалуулугун көздөө максатында, композитор ар түрдүү ыкмаларды: хордук репликаларды (эл менен Тейитбектин диалогу), төрт үндүү хордук фугатону (буларда элдин символунан болгон биримдиги, анын уулунун жөнөөр алдындагы Тейитбектин бата берүүсүн суранычы чагылдырылган) колдонгон.

Ал эми, "Аста секин, колукту" аттуу комедиялуу опереттасында, Н. Давлесов оркестрдик жана жекече солисттердин партиялары менен катар, хордук партиялардын да, улуттук колоритин ачуу менен, аларды көркөмдүүлүгү, кызыктуулугу, уккулуктуулугу арткан музыка менен камсыз кыла алган. Мына ушундай мүнөздүүлүгү менен оперертта бүгүнкү күнгө чейин көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүн ээлеп келүүдө. Бул жагдайда, музыка таануучу С. Субаналиев мындайча мүнөздөмө берген: "Н. Давлесов ыр-хор жаратуунун чыныгы устаты. Бул оюбузга кантаталар, вокалдык-хореографиялык чыгармалары далил бо-лот. Композитордун "Аста секин, колукту" музыкалык комедиясы чыгармачылык изденүүсүнүн үзүрлүү жемиши. Кыска мөөнөттүн ичинде, журтчулугубуздун сүймөнчүктүү чыгармасына айланган музыкалык комедиясында композитор оркестрдин, хордун көркөмдүк каражаттарын, бай мүмкүнчүлүктөрүн билгичтик менен пайдаланган" [4, 103]. Ал эми, белгилүү композитор К. Асанбаев өзүнүн оюн мындайча билдирген: "Комедияда ансамбльдик номерлерге, хорлорго да орчундуу орун берилген. Хорлор негизинен шайыр жаштардын ой-тилегин, турмушун чагылдырат..." [5, 95].

Хордук музыканын мазмуну боюнча новатордук, образдык сфераны кеңейтүү, композитордун хордук чыгармачылыгындагы музыкалык тилине, стилине, фактурасына көмөгүн бербей койгон жок. Ошондуктан, өткөн кылымдын 60-жылдарындагы музыка, жалпысынан интенсивдүү түрдө көркөм каражаттар жагдайы боюнча жаңыланууга мүнөздүү болгон. Бул, жалпы коомчулуктун сырткы дүйнө менен байланышынын өнүгүшү менен мүнөздөлөт. Бул мезгилдерде хордук чыгармалардын ичинде а капелла миниатюралар пайда боло баштады. Хордук миниатюра башка башка жанрлардагы миниатюралар сыяктуу эле өзгөчө жанр катары каралат. Анткени, мындай мүнөздөгү чыгармалар өзүлөрүнүн көлөмдөрүнүн анча чоң эмес формада болушу, мазмундуулугунун өзүнчө мүнөздүүлүгү менен айырмаланат.

Н. Давлесов хордук чыгармаларында, композитордук жазма салтына таянуу аркылуу, элдик мүнөздүүлүгүн ачык көрсөтүү менен бирге, улуттук колориттин өзгөчөлүгүн: баарынан мурда элдик салттуу келген "күйгөн", "секетпай" сыяктуу жанрларындагы мыйзамченемдүүлүгүн эске алган. Комопзитордун чыгармачылыгынын улуттук колориттеги мүнөздүүлүгү боюнча В. Роман мындайча жазаган: "Ага, эл менен байланышта болуп, улуттук негизге берилүү менен таянып, өзүнүн чыгармачыл тилин, оригиналдуу көркөм каражаттарын активдүү түрдө изденүү мүнөздүү" [6, 32-б.].

Н. Давлесовдун эң алгачкы көлөмдүү чыгармаларынын бири "Селкинчек". Композитордун өзүнүн чыгармачылыгынын башынан эле, кыргыздын салттуу оюндарын – "селкинчек", "сармерден", "акыйнек" – музыкада чагылдырууну ойлогондугун ачык баамдайбыз. Анткени, жаштардын селкинчек оюну, сармерден, акыйнек, кыз менен жигиттин айтышы сыяктуу салттуу ырлар менен коштолуусу композиторго кеңири белгилүү болгон. Музыка менен айкалышкан ырлардын сөздөрүн табуу алдыда турду. Ошол мезгилде, анын замандашы, элдик акын, сатира-тамашага жөндөмдүү Б. Сарногоев тарабынан элдик салттуу мүнөздөгү ыр саптары композитордун обонуна төп келишип калды. Чыгарма өзүнүн мыкты гармониялаштырылышы жана оркестрлештирилүүсү, ошондой эле абдан жагымдуу обондук материалы менен өзгөчөлөнүп турат. Бул чыгарманы адаттагыдай жеке

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эле, сахналых чыгарма катары гана эмес, улуттук музыкалык форманын жаңы түрү катары карасак да болот. Кийинчерээк, композитордун бул вокалдык-симфониялык сүрөттөмөсү кайрадан иштелип, толукталып чыгуу менен, жаңы сапатка, жаңы көлөмгө, жаңы мазмунга ээ болуу менен сахнага чыкты. Чыгарма өзүнө бийди, пантомимону, сөз менен музыканы камтыган вокалдык-хореографиялык сцена – театралдык көшөгө катары жалпы элге таанымал болду.

Н. Давлесовдун чыгармачылыгы көп кырдуулугу жана образдуулугу аркылуу, кыргыз элдик жана профессионалдык искусствосунун салттуулугу менен тыгыз байланышкан. Анын чыгармачылыгы өзүнө түрдүү жанрдагы ырлардан, романстардан, хорлордон, канталардан баштап, оперетталарга чейин камтыгандыгы бизге белгилүү. Анын чыгармачылыгындагы түрдүү мүнөздөгү ырлары, хорлору жана вокалдык-симфониялык чыгармалары эмоционалдуу-образдуулугу жана терең мазмундуулугу, ачык-айкын тематизми жана улуттук мүнөздүүлүгү, ошондой эле, заманбап музыкалык добуштуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Комопзитордун чыгармачыл тажрыйбасынан, анын чыгармачылык стилинин жана композитордук жазма ыкмасынын мүнөзүн аныктоого болот. Мында, өзгөчө улуттук мүнөздөгү салттуулук жана европалык жазма формаларынын синтезин ачык байкайбыз. Мында, ошондой эле терең ойлонуу менен, конструктивдүүлүк принцибинин негизинде көркөм каражаттарын колдонуу негизги маселелерден болгон. Демек, композитор фольклордук музыканын салттуулук принцибинин негизинде тематикалык материалды өз алдынча, жаңы ыкма менен, жаңыча мүнөздө, европалык формалардын жана жанрлардын негизиндеги салттуулукту колдонуу менен, варианттык-вариациялык ыкмадагы импровизациялуулукту пайдаланган. Варианттык-вариациялык ыкма болсо, кыргыз элдик музыкасында кеңири кездешээри бизге белгилүү. Демек, Н. Давлесовдун чыгармачылыгында ошондой эле, жалпы европалык жазманын: ладотоналдык, функционалдык-гармониялык, метро-ритмикалык мыйзам ченемдүүлүгүнө таянуу менен, кыргыз элдик фольклордук музыкасынын улуттук спецификалык өзгөчөлүктөрүн кеңири колдонуу жүргүзүлгөндүгүн айта алабыз.

Композитор чыгармалардын поэтикалык тексттери менен обондорунун айкалышуусуна, алардын мазмунунун образдуу чагылдырылышына зор көңүл буруу менен мамиле кылган. Анын оркестрдик коштоосу да өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Н. Давлесовдун оркестрлештирүү принциптери да өзүнчө мүнөздүү келгендигин айтууга болот. Анын оркестринин партитурасы, кадимки салттуу түзүлүштө: адегенде үйлөмө аспаптар тобу, андан соң, кылдуу чертмек аспаптар – домралар, комуздар, акырында, кылдуу жаачан аспаптар орун алган. Композитордун хордук жазма ыкмасынын чеберчилигинин өнүгүүсүн, анын обондуулугунан, элдик ыр кайрыктарына мүнөздүү ыргактуу келген жана фольклордук мызыка интонациясы үстөмдүк кылган хордук чыгармаларынын мүнөзүнөн таба алабыз.

**Адабияттар:**


1. Пантелирейз А. И. Давлесов Насыр Давлесович. Союз композиторов Кыргызской ССР. Справочник. Түзгөн К.Молдобасанов. - Ф.: “Адабият”, 1989. - С. 73.
2. Асанбаев К., Жээнбаев А. Көрүнүктүү композитор жана дирижер. Н. Давлесов: Изилдөөлөр, макалалар, материалдар. Түзгөн С. Субаналиев. - Б.: 2004. - 127-б.
3. Бейшенбиев Б. Өнөрүн өргө чапкан композитор. Н.Давлесов: Изилдөөлөр, макалалар, материалдар. Түзгөн С.Субаналиев. - Б.: 2004. - 121-б.
4. Субаналиев С. Изденүүнүн жемиши. Н. Давлесов: Изилдөөлөр, макалалар, материалдар. Түзгөн С. Субаналиев. - Б.: 2004. - 103-б.
5. Асанбаев К. Аста секин, колукту. Н. Давлесов: Изилдөөлөр, макалалар, материалдар. Түзгөн С. Субаналиев. - Б.: 2004. - 95-б.
6. Роман В. Тенденции развития европейской музыкальной культуры второй половины века и их влияние на творчество Н. Давлесова. В сб.: Насыр Давлесов: Исследования. Статьи. Материалы. // Сост. С. Субаналиев. - Б., 2004. - С. 32.
7. Тиленчиев К. “Кыргыз хордук аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсү”. / Журнал “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана”, №12. - 2016.
2. Тиленчиев К. “Хордук аткаруучулук жаш муундардын ички дүйнөсүн байытуу каражаты катары”. / Журнал “Известия вузов”, №3, 2014.